УДК 32.327

# ДИАЛОГ И МЕЖКУЛЬТУРНАЯ ВЗАИМОАДАПТАЦИЯ ВОСТОКА И ЗАПАДА КАК ОБЪЕКТИВНАЯ НЕОБХОДИМОСТЬ ВЫЖИВАНИЯ ЦИВИЛИЗАЦИЙ В ВЕК ГЛОБАЛИЗАЦИИ

***Д.А. Брусиловский***

Объект исследования: диалог цивилизаций и взаимоадаптация культур. Предмет исследования: сущность, ценность, истинность, качество, особенности, возможности, механизмы, пути реализации диалога цивилизаций и взаимоадаптации культур в условиях глобализации. Методы исследования: цивилизационный анализ, синтез, научное абстрагирование, обобщение, индукция и дедукция, сравнительно-исторический, формализация, метод восхождения от абстрактного к конкретному, аналогия, экспертный, диалектический и системный, метод философского обоснования и междисциплинарный подход. Типологический подход представляется обоснованным, если сопоставлять не отдельные компоненты, а системное единство цивилизаций в целом. Полученные результаты и новизна: раскрыто развитие общей культуры и взаимоадаптации человечества как фактора безопасности и выживания цивилизаций Востока и Запада в условиях глобализации; выявлены пути реализации межкультурных возможностей диалога и взаимоадаптации Востока и Запада в молодежно-религиозной и политико-правовой сферах.

*Ключевые слова:* политика; диалог цивилизаций; взаимоадаптация; межкультурное и межрелигиозное сотрудничество; культура; философия культуры; западная и восточная цивилизации; тюркоязычный мир; сознание; молодежь; мигранты; социум; международное право; механизм; специфика; толерантность; глобализация.

# ЧЫГЫШ МЕНЕН БАТЫШТЫН МАДАНИЯТ АРАЛЫК ДИАЛОГУ ЖАНА ӨЗ АРА ЫҢГАЙЛАШУУСУ ААЛАМДАШУУ КЫЛЫМЫНДА ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДЫН ЖАШАП КЕТИШИНИН ОБЪЕКТИВДҮҮ ЗАРЫЛДЫГЫ КАТАРЫ

***Д.А. Брусиловский***

Изилдөөнүн объектиси: маданияттардын ыңгайланышуусу жана цивилизациялардын диалогу. Изилдөөнүн предмети – ааламдашуу шартында маданияттардын бири-бирине ыңгайланышуусунун жана цивилизациялардын диалогун ишке ашыруунун жолдору, механизмдери, мүмкүнчүлүктөрү, өзгөчөлүктөрү, сапаты, айкындуулугу, баалуулугу, маңызы. Изилдөөнүн методдору: цивилизациялуу талдоо, синтез, илимий абстракциялоо, жалпылоо, индукция жана дедукция, тарыхый-салыштырмалуулук, формалдаштыруу, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ыкмасы, аналогия, эксперттик, диалектикалык жана системалык; философиялык жалпылоо ыкмасы жана дисциплиналар аралык мамиле. Типологиялык метод негизги болуп саналат, эгерде айрым гана компоненттерди салыштырбай жалпысынан цивилизациялардын сисемалык биримдиги каралса. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар жана илимий жаңылыгы: - ааламдашуу шартында Чыгыш жана Батыш цивилизацияларынын коопсуздугунун жана жашоосунун фактору катары адамзаттын карым-катнашынын жана жалпы маданиятынын өнүгүүсү ачылып берилди; саясий-укуктук, диний – жаштар чөйрөсүндөгү Чыгыш менен Батыштын маданияттар ортолук ыңгайланышуусунун жана диалогунун мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруунун жолдору тастыкталды.

*Түйүндүү сөздөр:* саясат; цивилизациялар диалогу; өз ара ыңгайланышуу; маданий жана диний аралык кызматташуу; маданият; маданият философиясы; Батыш жана Чыгыш цивилизациялары; түрк тилдүү дүйнө; аң-сезим; жаштар; мигранттар; социум; эл аралык укук; механизм; өзгөчөлүк; толеранттуулук; ааламдашуу.

# DIALOGUE AND INTERCULTURAL MUTUAL ADAPTATION OF THE EAST AND THE WEST AS AN OBJECTIVE NEED FOR SURVIVAL OF CIVILIZATIONS IN THE CENTURY OF GLOBALIZATION

***D.A. Brusilovskii***

Object of study: dialogue of civilizations and mutual adaptation of cultures. Subject of study: essence, value, truth, quality, features, capabilities, mechanisms, ways of implementation of dialogue of civilizations and the mutual adaptation of cultures in the context of globalization. Methods of research: civilizational analysis, synthesis, scientific abstraction, generalization, induction and deduction, comparative historical method, formalization, abstract to concrete method, analogy, expert, dialectical and systemic method; philosophical method and interdisciplinary approach. Typological approach seems reasonable if you match non-individual components but systemic unity of civilizations as a whole. The results and novelty: - revealed the development of a common culture and mutual adaptation of mankind as a factor of security and survival of civilizations of the East and West in the context of globalization; - identified ways to realize intercultural opportunities of dialogue and mutual adaptation of the East and West in the youth-religious and political-legal spheres.

*Keywords:* policy; dialogue of civilizations; mutual adaptation; intercultural and interreligious cooperation; culture; philosophy of culture; Western and Eastern civilizations; Turkic world; consciousness; youth; migrants; society; international law; mechanism; specifics; tolerance; globalization.

Бүгүнкү күндөгү ыңгайланышуунун жана диалогдун социалдык-геосаясий процесстери төмөндөгүдөй фундаменталдык философиялык категориялар аркылуу изилденген: жалпылык, өзгөчөлүк, жекелик; маңыз жана кубулуш; мазмун жана форма; бөлүк жана бүтүндүк; себеп жана натыйжа; кокустук жана зарылдык; мүмкүндүк жана чындык; сапат, сан, өлчөм, секирик. Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы ааламдашуу шартындагы маданияттардын ыңгайланышуусунун жана цивилизациялардын диалогунун маңызын түшүнүүгө тийиштүү кээ бир жалпы теориялык суроолорду чечмелөөнүн өзгөчөлүгүндө камтылган.

**Жалпы маданияттын жана адамзаттын өз ара ыңгайлануусунун өнүгүүсү ааламдашуу шартындагы Чыгыш менен Батыш цивилизацияларынын жашоосунун жана коопсуздугунун фактору.** Чыгыш жана Батыш маданияттарын салыштырууда өз ара карым-катнашта болгон маданияттардан жалпы адамзат баалуулуктарын көрө билүү зарыл, анткени алар коомдук күчтөргө багытталып маданий прогресстин маңызын аныкташат. Ошол эле учурда цивилизациялык ыңгайлануу бардык тирүү жандыктардын, социумдун жашоосунун зарыл шарты болуп, өзүнө адам менен чөйрөнүн ортосундагы алакаларды негизги өбөлгө катары камтыйт. Маселен, кээ бир мусулман өлкөлөрүн (Афганистан. Ирак, Иран, Ливия, Сирия) зордоп ыңгайланышуу процессине аралаштыруу акылга сыйбаган иш, анткени алар бир полярдуу кыйроого учурап бара жаткан дүйнөнө ыңгайлашууну каалашпайт жана кандай кылуунун зарылдыгы да жок. Алсак, бир топ жылдан бери келе жаткан ядролук согуш коркунучунда эле эмес. Ядролук, бактериологиялык, химиялык куралдарга техногендик мүнөздөгү көйгөйлөр кошулду, бул өз учурунда табиятка болуп көрбөгөндөй оо жүк. Ошол эле учурда ар кандай цивилизациялардын өнүгүүсүндөгү жашоонун социалдык, экономикалык деңгээлиндеги ажырым барган сайын көбөйүп барууда, дүйнөлүк аренада күчтөрдү башкадан жайгаштыруу жана болуп жаткан окуяларга жаңы көз караштардын пайда болуусу. Баарыга маалым болгондой ааламдашуу шартында биздин планетанын ресурстары жана башка мүмкүнчүлүктөрү чексиз эмес.

Ошондуктан Жер бетиндеги жашоочулардын санынын өсүп баратышы кооптонууну пайда кылбай койбойт, анткени бул көрүнүш акыркы кырк жылда эле эки эсеге, секундасына 3 адамга көбөйдү, 1999-ж. күзүндө 6млрд-дык чектен өткөн эле, ал эми адистердин илимий божомолдоолоруна таянсак 2020-ж. 7,8 млрд адамга жетиши мүмкүн. учурдагы жалпы дүйнөдөгү жашоочулардын саны 7,6 млрд. жакынкы убакыттардын ичинде дүйнөдө кедейлердин саны 46млн. адамга көбөйөт, ал эми жакырчылыктан төмөн түшүп кеткендердин (өздөрүн физиологиялык минимум тамак-аш менен камсыздай албагандар) саны 44 млн жетет [Булак: 1–4]. Евробиримдиктин чектеш агентсвосунун «Frontex» маалыматтары дагы кызыгууну жаратууда. Алардын маалыматы боюнча 2015-ж. батыш Европага 2млн-го жакын адам келсе, ал эми 2016-ж. январь-сентябрь айларында – 345миң качкындар келген. Башкача айтканда Германияга келгендердин саны 2015-ж. бир миллионго жакын болгон. Ошол эле учурда 2015-ж. Евробиримдикке кирген өлкөлөрдө 211 террористик чабуул катталган, натыйжада 151 адам курман болуп 360 адам жаракат алышкан. Ушуларга катар эле стресстик

кырдаалдар, жашоонун баардык чөйрөсүндө обочолонуулар, эртеңки күнгө болгон ишенимдин жоголуп бара жатышы орун алууда.

Маданий ыңгайланышуу – бул бир маданияттын жеке индивидуумдарынын, социалдык топторунун жана жарандык коомчулуктарынын жаратылыштык-географиялык, социалдык-тарыхый шарттарынын өзгөрүүгө учураган экинчи бир маданиятка аң-сезимдин стреотиптерин өзгөртүү, жүрүм-турумдар, социалдык уюмдардын жана норма, баалуулуктар, жашоо образы, дүйнөгө болгон дүйнө сүрөттөлүштүн элементтери, жашоону камсыздандыруу ыкмалары, ишмердүүлүктүн инновациялык багыттары жана технологиялары о.э. анын жемиштеринин номенклатуралары, социо-маданий тажрыйбанын трансяция болушунун механизмдери жана диалог каражаттары аркылуу ишке ашкан экинчи бир маданиятка аралашуу. Индивидуалдык деңгээлде маданий ыңгаланышуу эң оболу индивиддин, ал үчүн такыр жаңы болгон социо-маданий же маданий-улуттук чөйрөгө түшүшү, же анын жашоосунун социалдык-саясий шарттарынын радикалдуу өзгөрүүсү. Ошону менен бирге эле индивиддин маданий ыңгайлануусу эрежеге ылайык оккультурация этабынан башталат б.а. өз ара таасир этүү жана маданияттардын ыңгайланышуу, маданияттын элдери экинчи маданиятты толугу менен же жарым-жартылай кабыл алуу, аң-сезимдин мурунку стреотиптеринин жаңыларды өздөштүрүү процесси менен айкалыштыруу, процесстеринин жыйынтыктары менен башталат, андан кийин ассимиляцияга алып келиши мүмкүн. Башкача айтканда баштапкы маданий баалуулуктарды жоготуп, толугу менен жаңы маданиятка өтүү. Ассимиляция табигый же мажбурлоо жолу менен ишке ашышы мүмкүн. Табигый ассимиляция социалдык-саясий жана экономикалык жактан территориялардын жакындашуу обөективдүү процесстеринин натыйжасы болушу ыктымал, анткени ал элдердин маданий жакындашууларына күчтүү импульс бере алат (дүйнөлүк чарбанын интернационализация болушу). Мындай көрүнүш мигранттарга мүнөздүү. Алар өздөрүнүн жаңы мекенинде жергиликтүү калк менен аралашып, кийин сиңишип кетет. Бирок көптөгөн жакынкы чыгыштан келген мигранттар жамааттык идентификацияны, өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн, өз алдынчалыктарын жоготпой келишет. Мажбурлоо жолу менен ассимиляциялоо – бул тигил же бул этносту жок кылууну максат кылган белгилүү бир улуттук саясат, күч колдонуу жолу менен эмес. Мажбур ассимиляциянын ыкмалары катары ошол эле туура келбеген ишмердүүлүктүн түрүн тануулоо, жашоонун баардык чөйрөлөрүндө өз тилин колдонууну чектөө, улуттук каада-салттардын жоюлушу (маселен улуттук майрамдарды майрамдабоо) колдонулат. Мажбурлоо ассимиляциясын аргасыз ассимиляциядан айырмалап кароо зарыл. Аргасыз ассимиляцияга Батыш өлкөлөрүнө Жакынкы чыгыш өлкөлөрүнөн келген мигранттардын биринчи муунун кароого болот, анткени алар өздөрүнүн жашоо шартын жакшыртыш үчүн жергиликтүү калк менен аргасыз аралашып кетишкен.

Цивилизациялардын Альянстарынын кызматташууларынын мисалы катары БУУ, ЮНЕСКО, ИСЕСКО (ЮНЕСКОнун мусулмандык аналогу), БУУнун Бүткүл дүйнөлүк туристик уюму жана Европа Кеңеши – Азербайджанда маданий диалог боюнча III Бүткүл дүйнөлүк форумду айтсак болот. Бул форум 2015-ж. 18–19-майында төмөндөгүдөй лозунг менен өткөрүлгөн: «Биргелешкен коопсуздук үчүн маданияттар менен бөлүшөбүз» [5–10].

Тигил же бул социалдык топто калыптанып, бекемделип калган жамааттык ритуалдар, ырым-жырымдар, салттар адамдын ыңгайланышуусунун өзгөчө каражаты болуп саналат. Алар белгилүү бир туруктуу социалдык-психологиялык атмосфераны жаратышып, адамдардын белгилүү бир социалдык ишмердүүлүккө конструктивдүү жакындашууларына жана ыңгайланышууларына түрткү берет. Чыгышта маданий ыңгайланышууларды алдыга жылдыруу боюнча эң негизги окуялар кыргыз Республикасында болгон I жана II Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары 2014-ж. 9-сентябрь Чолпон-Ата шаары Ысык-Көл. II бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары 2016-ж. маданий программа болду, ага ылайык эң алгач жолу кыргызстандык миң комузчу Атай Огонбаевдин «маш Ботой» күүсүн чертишкен, ар бир эл өздөрүнүн салттарын, үрп-адаттарын көрсөтүшкөн. 2017-ж. Кыргыз Республикасында «Алтай цивилизациясы жана алтай тил түркүмүнө кирген бир тууган элдер» [11–13] деген аталышта эл аралык форум болуп өттү. Ал форумга дүйнөнүн 12 өлкөсүнөн 20дан ашык элдеринин өкүлдөрү катышкан. Ал Евразиянын кеңири аймагында жайгашкан элдердин гуманитардык байланыштарын бекемдөөгө багытталган илимий изилдөөлөрдүн, социалдык-маданий долбоорлорунун жыйынтыктарын талкуулоонун жаңы конструктивдүү аянтына айланды.

Биздин максат – жаштарды диндер, маданияттар, цивилизациялар аралык диалогдорду жүргүзүү чеберчилигине окутуу. Бул диалог канткенде жемиштүү болооруна үйрөнүшүбүз керек. Москвада өтүп жаткан «Террордон планетардык этикага» деген аталыштагы эл аралык Форумда Самуэл Хантингтондун «цивилизациялар кагылышы» теориясына «Диндер жана дүйнө» атуу өтө кызыктуу альтернатива сунушталды. Сахнада жер шарынын макетин жер планетасынын булуң-бурчунан келген

руханий лидер тарабынан алынып келинген топурактар менен толтурушту. Ага ар кайсы улуттун жана диндердин балдары олив багынын көчөтүн отургузушту. Ал жерде дагы бир жер шарынын суу менен толтурулган макети турган, андан балдар колдору менен суу алышып, көчөттү сугарышты.

Маданий жана цивилизациялык өз ара ыңгайланышуу индивиддин ыңгайлануусу менен салыштырганда маданияттын ички спектиринин көп кырдуулугу, ички социумдук жана тышкы проблемалар ж.б. өтө оор, татаал процесстер менен коштолот. Муну төмөндөгүдөй түшүндүрүүгө болот:

Биринчиден, цивилизациялардын өз ара ыңгайланышуусунун өңүтүндө эң оор маселе адамдардын жаңы ой жүгүртүүсүн калыптандыруу болуп саналат;

Экинчиден, «алтын миллиард» ж.б. ушуга окшогон деструктивдүү көрүнүштөргө бөгөт коюу зарыл, анткени ал «алтын мырзалар менен айымдары» кимдер асырап багыш керек белгисиз;

Үчүнчүдөн, маданий, этноконфессионалдык, улуттук-диний коопсуздукту коомчулуктун түшүнүүсүнүн негизги принциптери болуу портокесиптик жана жогорку билим берүүдөгү жалпы гуманитардык циклга талапка жооп бере турган рационалдуу элементтерди кошуу саналат. Анткени, ал аркылуу жарандардын ой жүгүртүүсүнүн образы гана эмес, бүтүндөй дүйнө кабылдоосу калыптанат;

Төртүнчүдөн, дүйнөлүк коомчулуктун позитивдүү образы диалектикалык түзүлүштөгү саясаттын субъектилерине конструктивдүү алакаларынын негизинде гана пайда болушу мүмкүн «улуттук баалуулуктар» «жалпы адамзат баалуулуктарын» толукташы керек, ал эми өзүнүн идеалында алардын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Бешинчиден, баардык кыйынчылыктарга карабай, цивилизациялык өз ара ыңгайланышуу өнүгүп жатат. III Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндун алкагында илимий конференциялардын бирөөсү «оюндар теориясы» деген актуалдуу темага арналган. Ал оюндардын базалык элементи болгон өз ара карым-катнашты изилдейт (маселен, «Тогуз коргоол», «Мангал») [14–16]. Оюндар теориясына таянып биз, ар түрдүү цивилизациялардын өкүлдөрү өз ара көз карандылык кырдаалдарында кантип иш-аракет кылаарын түшүнө алабыз;

Алтынчыдан, маданий коопсуздук – бул баардык тирүү нерселердин жана коомдун жашоосунун философиясы, дайыма өзгөрүлүп туруучу шарттарга жана реалдуу о.э. виртуалдуу коркунучтарга карабай өзүнүн белгилүү бир жашоо ыкмасын сактап калуусунун мүмкүнчүлүгү;

Жетинчиден, кандайдыр бир жергиликтүү жана расалык айырмачылыктар калат – ошондой болуш керек, бирок, жалпы адамзат проблемасына тиешелүү экендигин жана галактикалык маанидеги тууганчылыкты түшүнүүгө жардам бере турган адамдын адамкерчилик сапаты баарынан жогору турат.

Бүгүнкү ааламдашкан, интеграцияланган шарттагы дүйнөдө илимий негизде өз ара ыңгайланышуу төмөндөгүлөрдүн ортосунда болуш керек:

1. Коом менен жаратылыштын ортосунда. Бүгүн адамзат табияттын үстүнөн өз үстөмдүгүн жүргүзбөстөн, анын мыйзамдарын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн аңдап билүү менен өзүнүн ишмердүүлүгүн ошол мыйзамдарга ылайыкташтыруусу зарыл, б.а. жаратылышты сактоо, анын булганган бөлүгүн биотехнологиянын жардамы менен тазалоосу керек. Эгоизм, ач көздүктүн айынан жаратылыш байлыктарын ашкере пайдалануудан баш тартуу зарыл. Тескерисинче, адамзат табият ресурстарын пайдаланууда үнөмдүү, экологиялуу аяр мааниде болуусу абзел. Адамзатка жаңы цивилизациялык идеология керек, ал үчүн коомдук менчиктин өндүрүш каражаттарына негизделген жаңы сапаттуу экономика керек.

Бүгүнкү үстөмдүк кылып жаткан капиталисттик жеке менчик – бул эч жакка алып барбоочу жол же болбосо адамзаттын өзүн-өзү жок кылуусунун жолу. Бул жөнүндө баардык чөйрөнү каптап кирген капиталисттик кризис каңкуулоодо: экономикалык, саясий, социалдык, руханий ж.б. сфераларда. Ушуну менен катар эле дүйнөдөгү массалык жумушсуздук (маселен Евросоюз, мурунку советтик түзүлүштөгү өлкөлөр ж.б.) жергиликтүү руханий баалуулуктардын жоголушу, наркобизнестин, наркосооданын, кумар оюндарынын, дене сатуу бизнесинин, адамдарды сатуу жана дүйнөдө ийнеге отургузуунун өтө тез ылдамдыкта өнүгүүсүн айтуубуз керек.

2. Батыш менен Чыгыштын ортосундагы өз ара ыңгайланышуу, өнүккөн жана өнүгүү жолундагы мамлекеттер ортосундагы карым-катнаш. Мамлекет башчылары бардыгы бирдикте 7,6 млрд адамды кантип багуу керек? – мына ушул жаатындагы суроолор терең ойлонууларды талап кылат. Жер бетиндеги жашоону кантип сактоо керек, өзүбүздүн планетаны кыйроодон канткенде аман алып калабыз? – мына ушул маселелер үстүндө ойлоно турган мезгил келди.

3. Адамзаттын өнүгүүсүнүн азыркы этабындагы мамлекеттик жана жеке менчиктин ортосундагы өз ара ыңгайланышуу. Рыноктун, жеке менчиктин илимий, диалектикалык эмес абсолюттештуусунан баш тартуу керек. Тактап айтканда, дүйнөдө жашоону камсыз кылуучу негизги экономикалык, өзгөчө энергетикалык, суу тармактарын

мамлекеттин колуна берүү зарыл. Мамлекеттин жашоо ишмердүүлүгүнө пландоону киргизүү, коомдук менчикке болгон формаларын кеңейтүү негизги маселе.

4. Дүйнөдөгү демографиялык процесстерди жөнгө салуу, башка өлкөлөрдүн жарандарына согуш, кыйроо ж.б. жарыялоо аркылуу эмес, жаңы жумушчу орундарын, социалдык, руханий инфраструктураларды түзүү жана адамзаттын материалдык о.э. руханий маданиятка болгон мүмкүнчүлүгүн камсыздоо, адистикке ээ болууну, билим алууну, илимге болгон мамилелерди жаңы шартта камсыздандыруу жолу менен.

5. Регионалдык байланыштардын ыңгайланышууларын кеңейтүү: КМШ, ЖКК б.а. мурунку Советтер Союзунун рамкасында, анткени баардык республикалар бүт тармактарда терең тамырлаш байланышта болушкан: бирдиктүү менталитет, туугандык байланыштар, мамлекеттер аралык бир тил – орус тили. Баардык республикалар бүгүн өздөрүнүн тилине багыт алышты. Бул нормалдуу көрүнүш, эгерде эле метафизикалык бир жактуулукка кетип калбаса. Улут эне тилсиз – ал улут эмес. Бирок, республиканын аймагынан чыкканда мамлекеттер аралык сүйлөшүүлөрдү, келишимдерди, илимий, жада калса жөнөкөй эле адамдык баарлашуунун, этностор аралык кызматташуунун бай тажрыйбасы бар, ага ылайык диалог орус тилинде жүргүзүлгөн, ушул даяр нерседен баш тартуу биздин алысты көрө биле албастыгыбызды далилдеп тургансыйт. Евразиялык Экономикалык Биримдикти түзүү - ага кирген мамлекеттер үчүн чоң алга жылуу дегенди билдирет. Бул Биримдикке кирүү менен Кыргыз Республикасы келечектеги көп маселелердин чечилишин камсыз кылды десек болот.

6. Конфессиялар аралык өз ара ыңгайланышуу – бул глобалдык, интеграцияланган дүйнөдөгү мезгил талабы. Диний маданияттардын диалогу – бул объективдүү зарылчылык. Диндер өздөрүнүн маңызы, аткарган милдети, пайда болуулары боюнча бирдей. Айырмачылыктары болгону эле алардын аталыштарында, каармандарынын этникалык кийимди кийгенинде. Дин өкүлдөрү дайыма зомбулукка, жиктелүүгө, кемсинтүүгө ж.б. каршы чыгып келишет. Алар жумушсуздукту мамлекеттин, үй-бүлөлөрдүн ички маселелерине күчтүү өнүккөн өлкөлөрдүн атайын кызматтарынын, жекече инсандардын кийлигишүүсүн сындап келишет.

7. Дүйнө бирөө гана, Жер жалгыз, жаратылыш ресурстары чектелүү. Ушундай шартта глобалдык жана регионалдык масштабдагы көйгөйлөрдү канткенде биргелешип чече алабыз, кандай жол менен жаңы планеталарды өздөштүрөбүз. Жаратылыш кырсыктарына кантип каршы тура алабыз жана анын кесепеттерин кандайча жое алабыз? – мына ушулардын үстүнөн ойлонушубуз абзел!

**Жаштар – диний жана саясий-укуктук чөйрөлөрдөгү Чыгыш менен Батыштын өз ара ыңгайланышууларынын жана диалогунун маданий аралык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруунун жолдору.** Конфессионалдык артыкчылык, диний аң-сезимдин феномени катары – баардык диндер үчүн мүнөздүү кубулуш, ошол эле учурда ал ар бир динде спецификалык конкреттүү формада жүрөөрү белгиленди. Дин өкүлдөрүнүн башка диндерге болгон жүрүм-турумдарынын үч модели сүрөттөлдү: эксклюзивизм – бир гана өз дини – таза, туура жалгыз чындык, ал эми калгандары – бурмаланган, толук эмес ишенүү; инклюзивизм – баардык диндерди бирөөнө кошуп койсо болот дегенге ишенүү; плюрализм – б.а. «кайчы пикирлерге макул болуу» же болбосо диндердин көп түрдүүлүгүн кабыл алуу жана ишенимдин толуктугун сактап калуу, о.э. учурда башка диндерге кызыгуу жана башка конфессиялардын өкүлдөрүнүн өздөрүн азаптан сактап калуу жолдорун, тажрыйбаларын колдоо. Белгилүү болгондой диндердин ортосундагы айырмачылык алардын бири-биринен болгон артыкчылыктары эмес, спецификалык белгилеринде. Ааламдашуу жолундагы дүйнөлүк түзүлүштөгү конфессионалдык артыкчылык идеясынын престижинин түшүшү диний аралык чөйрөдө Чыгыш менен Батыштын ыңгайланууларынын жана диалогунун маданий аралык мүмкүнчүлүктөрүн бирге алдыга жүргүзүү үчүн баардык суроолор боюнча макулдуктар талап кылынбастыгын көрсөттү.

Жерди сактап калуу боюнча көптөгөн иштер биздин балдардан көз каранды, анткени алар жакынкы келечекте планетанын толук кандуу жарандары болушат. Ошондуктан жаштар жалпы бир туугандык, сүйүү жана сабырдуулуктардын универсалдуу баалуулуктарына сүңгүп кирүүлөрү зарыл. Буга мисал катары Москвадагы жана Чикагодогу конфессиалар аралык жаштар борборлорун айтсак болот. Бул борборлордо дин көкүлдөрүн коомдук долбоорлордогу жумуштарга багыттайт, Жер шарында тынчтыкты сактап калуу үчүн башкалар менен бирдикте иш алып барууга эмне түркү болгондугун айтып берүүгө чакырат жана өтө көп айырмачылыктары бар салттардын ортосунда кандайча түшүнүүгө келишти, тажрыйбасы менен бөлүшүүнү сунуштайт. Ал жерде христиандар будда монахын же мусулмандардын диний лидерин коомдун мүчөлөрүнүн алдында сөз сүйлөөгө чакыра алышат.

Бүгүн диний аралык философия сапаттуу жаңы белгилерге ээ болду: динамизм, формалардын көп түрдүүлүгү, багыттар, катышуучулар. Бул

өзгөчөлүктөр эл аралык мамилелердин, маданий кызматташуулардын мүнөзүнөн келип чыкты, алар коомдук жана саясий жашоону демократизациялоонун, глобалдаштыруу процессинин натыйжалары менен байланыштуу.

Учурдагы дүйнөдө вестеринизация, маданий эспанция жана маданий индустрия маселелери өтө курч мүнөзгө ээ болууда. Маданий индустрия адамдын карикатуралык образын түр катары жаратты. Ар бир адамдын өз алдынча болуусу өзү менен башкаларды алмаштырууга жөндөмдүү экендигинде. Инсан катары да ал толук эч нерсеге татыбайт: алмаштырууга болбогон адам болбойт – качан ал башкаларга окшошгусу келбегенде ага ушундай мамиле жасалат. Өз кезегинде мультипикация рационализминин үстүнөн өзүнүн триумфалдык артыкчылыгын жарыя кылган. Анткени, ал экран технологиясы аркылуу жансыз предметтерге, жаныбарларга жашоо мүмкүнчүлүгүн берген. Ал эми бүгүн ал ошол сюжеттерге маани-маңыз берген учурлар четке кагылды: мультфильмдердин сюжеттеринин маанисин берүү алгачкы биринчи минуталарда ишке ашырылат да, калган убакыт бою мааниси жок баш-аламандыктар орун алган. Мультипликациялык жанрлардагы башкы персонаж айрым учурда башка терс маанайдагы персонаж аркылуу болгон кордукту көрөт. Ошентип, уюштурулган эс алуунун сапаты, атайын уюштурулган таш боорлуктун сапатына өтүүдө. Кино жанрдагы абал деле дал ушундай, өзүнүн продукцияларын өткөрүү, аудиторияларды топтоо максатында айрым учурларда чектен чыккан адамзат баалуулуктарына каршы келген учурларды колдонушат. Эгерде мультфильмдер кандайдыр бир нерселерди, идеяларды бизге жеткирүүгө жөндөмдүү болсо, башкалары жашоодогу болуп көрбөгөндөй зордук-зомбулукту ж.б. терс көрүнүштөрдү адамдардын мээсине күчтөп киргизүүдө: коомдун жашоосунун кепилдиги таяк болуп саналат – ар кандай жеке каршылыктарды басуу дегенди түшүндүрөт. Дональд Дак экранда өзүнүн реалдуу жашоодогу прототиптери сыяктуу дайыма жазаланат – башкача айтканда көрүүчү өз жашоосунда дал ушундай көрүнүштөргө даяр болусу зарыл. Аккультурация, ассимиляция, интеграция, улуттук маданиятты сактоо, өз алдынча мааниге ээ көйгөйлөргө айланды. Анткени булар бүгүнкү күндөгү эл аралык мамилелердин башкы компоненттери болуп саналат. Андан сырткары маданият, маданий салттар диалогдун катышуучуларынын жакындашуусунун жана ажырашуусунун фактору болушу мүмкүн. маданияттын кайчылаш жылдары – бүгүнкү күндөгү маданияттардын өз ара ыңгайланышууларынын жана цивилизациялардын диалогунун көптөгөн өзгөчөлүктөрүн, карама-каршылыктарын жана көйгөйлөрүн чагылдырган кубулуш болуп саналат. Тилекке каршы, маданий ыңгайланышуу тенденциясы менен катар бүгүнкү күнү саясий кырдаалдын негизинде пайда болгон маданий каршылашуу, чегинүү ж.б. байланыштуу көйгөйлөрдүн бар экенин байкоого болот. Бул албетте маданий тажрыйба алмашууга кедергесин тийгизет, XXI к. баардык мүмкүнчүлүктөргө карабай идеологиялык, саясий таасирлер маданий кызматташуунун табиятын солгундатууда. Маданияттын кайчылаш учурлары маданияттын өз ара ыңгайланышуусунун жана цивилизациялардын диалогунун бүгүнкү күндөгү оригиналдуу формасы катары саясий факторлун таасирине кириптер болгондугу ачык-айкын көрүнүүдө. Бүгүнкү маданий алмашуудагы үч тенденцияны айтууга болот. Биринчи жагынан, коммуникативдүү мейкиндик активдүү кеңейип жатат, ага улам жаңы өлкөлөр, кеңири коммчулуктардын өкүлдөрү, ар кандай социалдык топтор кошулууда. Бирок, бир жагынан маданий чөйрөлөрдөгү диалогду ошол процесстин көптөгөн катышуучулары үчүн бирдей жана баардыгына тең пайдалуу деп айтууга болбойт. Үчүнчү тенденция дүйнөдөгү өзгөрүүгө системалык таасир этүү цивилизациялуу туризмде чагылууда, бул туризм адистештирилген туризмдин түрлөрүн ыңгайлаштырууга мүмкүндүк түзөт, тигил же бул цивилизация жөнүндө толук кандуу маалымат алууга түрткү берет, о.э. алардын ортосундагы карым-катнашты, б.а. согуштар, кагылышуулар гана эмес, конструктивдүү диалог жана өнөктөштүктү да жөнгө салат. Мына ушундай көрүнүштүн өнүгүшүнө Жибек жолунун экономикалык алкагынын «Бир алкак – бир жол» проектисинин рамкасында туристтик долбоорлорду ишке ашырууга болот. Бул ири долбоор Кытай мамлекетинин демилгесинин негизинде Россия жана Евразиялык экономикалык союздун, ШКУ мүчө мамлекеттердин колдоосунда пайда болгон.

Цивилизациялуу туризм базистик инновация катары төмөндөгүдөй артыкчылыктарга ээ. Биринчиден, бул туризмдин интегралдык, синтездик түрү. Ал тарыхый-маданий, этнографиялык, экологиялык, диний туризмди бириктирип, тигил же бул цивилизация анын тарыхый өнүгүү этаптары, баалуулуктар системасы, маданият, экономика, табигый-географиялык шарттар, адеп-ахлак, элдердин үрп-адаттары жөнүндө толук маалыматты өзүнө камтыйт. Экинчиден, цивилизациялык туризм маданий өз ара ыңгайланышуунун жана цивилизациялардын диалогунун эффективдүү формасы болуп саналат. Ал миллиондогон элдерге, эң башкысы жаш муундарга баалуулуктар системасын өздөрүнүкүн о.э. башка цивилизациялардыкын жакшы түшүнүүгө шарт түзөт, ал баалуулуктарды сыйлоого, толерантуу болууга тарбиялап, ушул

өнүттө расизмге, шовинизмге, экстремизмге жана терроризмге карата профилактика жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Цивилизациялардын диалогунун эффективдүү массалык формасы катары эл аралык туризм эсептелинет. Себеби ага жыл сайын миллиарддан ашык адамдар катышат. дүйнөлүк мейкиндиктин ааламдашуусу, маалыматташуусу цивилизациялардын, маданий аралык мамилелердин өз ара ыңгайланышууларын коомдук көзөмөлдөө үчүн ачык-айкын кылып берүүдө. QR – коддун негизги артыкчылыгы – мобилдик телефондун же планшеттин фотокамерасы менен өтө жеңилдикте маалымат алуу, о.э. соода-сатыкты жүргүзүүдө же өндүрүштө колдонууда гана эмес, укуктук чөйрөдө да эң пайдалуу. Мындай маркерлер туристерге бир секунданын ичинде болгондо да өз тилинде ал обөект жөнүндө кыскача маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Укуктук камсыздандыруу өзүнө укуктук нормалардын комплексин жана маалымат системасын колдонуучунун укуктарын камтырын жакшы билишибиз керек. Бул кичи система колдонуучулардын ар кандай категориядагы маалыматтарына мүмкүнчүлүк алууну чектеп берет б.а. сырдуу сөз (пароль) аркылуу маалыматка ээ болууну камсыздоо. Мындан сырткары бүгүнкү күнү маанилүү маселелердин бири бул маалыматтарды атайын укугу жок алууда (несанкционированный доступ) жана персоналдык маалыматтарды коргоо.

Батыштагы биринчи катарда турган баалуулуктар Россияда жана башка өлкөлөрдө өтө деле мааниге ээ болбой калуулары мүмкүн. айта кетчү нерсе Россия сырткы саясатта регионалдык жана глобалдык көйгөйлөрдү чечүүнү конфронтация аркылуу эмес, диалог жана өз ара ыңгайланышуу аркылуу чечүүнү сунуштап келет; дал ошол себептен БУУнун негизги милдетин сактап калууда эл аралык укуктун баардыгынан жогору турушун айтып келет. Ошентип ааламдашуу доорунда эл аралык мыйзам баардыгы үчүн түшүнүктүү, ачык, милдеттүү болуш керек, «белгилүү», «тандалган» өлкөлөрдүн кызыкчылыгын канааттандырыш үчүн колдонулбашы керек, эң негизгиси ал бирдей түшүнүлүшү керек. Ал мыйзамды бүгүн мындай, эртең башкача чечмелөө мүмкүн эмес, ага жол бербөө зарыл, анда ал айрым саясий коньюктуралардын кызыкчылыгын колдоп калуу коркунучу бар.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар:**

1. Изилдөөлөр көрсөткөндөй Ааламдашуу шартында үчүнчү муундагы мигранттар тарыхый тандоонун алдында турушат: жашоо-тиричилигинин жогорулашы үчүн башка өлкөлөрдү же болбосо баардыгына кайыл болуп өзүнүн этникалык тобун тандоосу зарыл. Эгерде мигранттар мамлекеттин жаңы иденттүүлүгүн четке кагып, жамаатык - үй-бүлөлүк эс тутумду сактап калууга умтулушса, анда «интегралдык тарых» көйгөйү пайда болот: өткөн менен учурдун ортосундагы карама-каршылыктарды жоюу зарылдыгы келип чыгат. Мигранттарды башка коомчулуктарга сүңгүп киришине шарт түзүлсө, анда ыңгайланышуу, аралашуу маселелери келип чыгат. Ошондуктан, азырынча ыңгайланышуу, аралашуу процесстери цивилизациялардын, маданияттардын диалогдорун бүгүнкү күндүн шартына ылайыктап жүргүзүү менен гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Европанын тажрыйбасына таянуу менен региондо мигранттардын саны канчалык көп болсо, территориялдык жайгаштыруу ошончо күчтүү, ошол эле учурда алардын интеграциялык процесстери, ыңгайланышууга, аралашууга болгон каалоолору ошончолук төмөн болот деп кандайдыр бир өлчөмдө ишенимдүү айтууга болот. Батыштагы демографиялык кырдаалды эске алганда, жакынкы учурда мусулман- мигранттардын саны Европанын түпкүлүктүү жашоочуларынан бир нече эсе ашып түшөт, бул өз кезегинде Европанын олуттуу өзгөрүүгө учурашына алып келет. Кандай гана учур болбосун цивилизациялардын ыңгайланышууларынын төмөнкү деңгээли, Батыш жана Чыгыш өлкөлөрүнүн саясий элиталарынын көпчүлүгүнүн полицивилизациялык диалог жүргүзүүгө ниеттенбегендерин – бүгүнкү күндөгү эл аралык мамилелердеги кризис деп түшүнүү зарыл.

2. Изилдөөлөр көрсөткөндөй Россия евразиялык мамлекет катары прогресстин, эл аралык укуктун, акыйкаттуулуктун жана Чыгыш өлкөлөрүнүн суверенитеттүүлүктөрүнүн калыбына келүүсүнүн борборуна айланууда. Ал мусулман дүйнөсүнүн суроо-талаптарын жакшы билгендиктен, Чыгыш менен Батыштын жана Азия менен Европанын ортосунда маданий-саясий көпүрөөдө болууда. Россиянын Чыгыш жана Батыш менен болгон өнөктөштүгү бул өлкөнүн евразиялык мүнөзүнө гана эмес, анын тарыхый калыптанган менталитетине жана диний-этникалык курамына да жооп берет.

3. Көп тараптуу изилдөөлөр төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга алып келди. Батыш цивилизациясынын жеке менчикке артыкчылык менен багытталган, тар-индивидуалисттик идеологиясындагы жана психологиясындагы бардыгын өзүнө камтыган кризис Чыгыш цивилизациясы менен кеңири диалогго аралашууга барууга мүмкүнчүлүк бербей жатат. Батыш дүйнөсү Чыгыштын материалдык байлыктарын, жаратылыш ресурстарын басып алуучулук «оорусуна» чалдыккан. Мындай

мазмундагы идеологияны ички түзүлүшү жана сырткы көлөмү жагынан да социалдык нукка бурулган коомдун жаңы сапаттуу тибине өтүү менен гана өзгөртүүгө болот. Цивилизациялардын чыныгы диалогу коомдук кызыкчылыктарга артыкчылык берген коомдук менчиктин формасы түзүлгөн учурда гана ишке ашат.

4. Логикалык анализ көрсөткөндөй. Чыгыш жана Батыштын маданий ыңгайланышуулары жана диалогу цивилизациялардын жашап кетүүсүнүн зарылдыгы болуп саналат, андай болбой калса адамзаттын өзүн-өзү жок кылуу коркунучу пайда болот. Ушул максаттарда адамзаттын жалпы маданиятын, жаштардын кызматташууларын, Чыгыштан батышка барган мусулмандардын ыңгайланышууларын көтөрүү керек. Бирок, бул мүмкүнчүлүктөр бүгүнкү этапта өтө эле минималдуу мүнөзгө ээ. Чыгыштын үстүнөн болгон өзүнүн артыкчылыгын сезүү жана баскынчылык идеялары, технология жаатындагы өзгөчөлүктөр Батыштын бул маселелерди чечүүсүнө тоскоол болот.

5. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй Евробиримдиктин, АКШ, Европанын ичиндеги карым-катнаштардын бүгүнкү этабындагы маданияттардын өз ара ыңгайланышууларынын мүмкүнчүлүктөрүн жана Чыгыштан Батышты көздөй агылган миграциянын күндөн-күнгө өсүү шартында европа коомчулугу үчүн принципиалдуу зарыл болгон илимий-техникалык революциянын кезектеги чакырыгын аныктай ала турган Батыш цивилизациясынын глобалдуу деңгээлдеги бирдиктүү жана ырааттуу программасы жокко эсе. Туруктуу жумуш күчүнө муктаж болгон Европа мигранттардын агымынан баш тарта албай келет. Эгерде мигранттардын биринчи мууну эрежеге ылайык көчүп келүүлөрү жана отурукташуулары менен өлкөдө өздөрүнүн балдарынын о.э. неберелеринин жашоо деңгээлин, социалдык макамын жакшыртууга ири кадамдарды жасашкан болсо, экинчи, үчүнчү муундагы мигранттар деле мына ушундай маанилүү кадамдарды жасашууда, бирок, өздөрү кабыл алган европалык коомчулукта аларды ишке ашыруу солгун мүнөзгө ээ.

6. Изилдөө төмөндөгүдөй корутундуну чыгарууга алып келди, цивилизациялардын өз ара адаптацияланусун жашоонун стратегиясы катары, ал эми цивилизациялардын өнүгүүсүн – баардык адамзаттык жана социалдык тирүү организмдердин белгилүү бир эволюциялык рамкада кармалып турушуна мүмкүнчүлүк берип, натыйжада прогрессти камсыз кылган тактикасы деп түшүнүү керек. Бүгүнкү батыш цивилизациясы исламофобияны тышкы саясий парадигмага которуу менен батыш мамлекеттеринин саясатын ислам жана синь цивилизацияларын карама-каршы коюу жолуна өтүүдө. Исламофобия жаңы дүйнөлүк түзүлүштүн жаралышынын зарыл инструментине айланууда. Бул көрүнүш «кансыз согуш» аяктагандан кийинки доордо батыш дүйнөсү менен америкалык коомчулукту зарыл учурларда бириктирүү ниетинде пайда болгон идеологиялык конструкция болуп саналат. Исламофобия – бул өтө тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөлүк системада батыштык жана америкалык өздүк аң-сезимдерди интеграциялоочу стратегия. Бир жагынан, исламофобия Советтер Союзу ыдырагандан кийинки доордо Европа жана АКШнын бийликтери менен саясий элиталарынын атаандашууларынын жемиши болуп саналат. Экинчиден, исламофобия – бул Европа менен АКШнын саясий элиталарынын Чыгыштын материалдык жана руханий маданияттарына каршы күрөшү. Башкалардын территорияларын, байлыктарын, бийлигин басып алуу жана Ирактын, Сириянын, Ливиянын байыркы чыгыш артефактарын жок кылуу – кийин келечекте кимге кайсы территория таандык экендигин далилдөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу максатындагы тарыхты «тазалоо» болуп саналат. Жеңилүүдөн өзүн сактап калуу үчүн – мурунку цивилизациялардын баардык маданий издерин жок кылуу керек. Эгерде башкаруучуда тарыхый эс тутумдун маданияты болбосо, анда анын легитимдүүлүгүнө, мыйзамдуулугуна эч ким ишенбейт.

7. Эгерде Батыштын индустриалдык Чыгыштын салттык цивилизацияларынын оң жактарынын өз ара ыңгайланышуусун ишке ашыра алганда, анда адамзатты дээрлик жогорку социомаданий деңгээлге чыгарып жана баалуулуктардын жакшыртылган гумандуу системасын алууга болот эле. Адамзатты куткарып калуу бул эң башкы милдет, анткени Европа калкынын курамы боюнча эскирип бара жатат, ал эми Европа мамлекеттери иммигранттарды алар жашап жаткан өлкөлөрдө жаңы коомдук жашоого ыңгайлаштырууга жөндөмсүз болгондугунан көп маданияттуулук саясаты кыйроого учурады, натыйжада иммигранттар өздөрүнүн маданиятындагы үң жакшы элементтерди сактап калууга далалат кылышууда.

8. Илимий изилдөөдө биринчи жолу «диалог» терминин «маданият», «цивилизация», «ыңгайланышуу», «ааламдашуу» түшүнүктөрү менен бир учурда кароо биринчи жолу колдонулуп жатат жана ал геосаясат философиясындагы жаңы багыт болуп саналат. Миграция шартында ааламдашуу жолундагы дүйнөгө Батыш цитвилизациясынын ыңгайланышуусунун татаал мазмунун ачып берүү көптөгөн илимдердин (социалдык философия, когнитивдүү психология, социалдык психология, эволюциялык экономика, синергетикалык антропология, физика ж.б.)

акыркы маалыматтарынын негизинде гана мүмкүн экендиги айдан ачык болууда, айта кетчү нерсе ал маалыматтарды экилектикалык байланышта эмес, философиялык жалпылоо жана диалектикалык синтез жолу менен колдонуу керек. Бул жерде зарыл нерсе дисциплиналар аралык мамиле гана эмес, жаңы технологиялар шартында адамдын ыңгайлануусунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен системдүү-синтетикалык ыкма заман талабы.

***Литература***


1. Департамент по экономическим и социальным вопросам ООН: Отдел народонаселения [Электронный ресурс]. Нью-Йорк, 2019. URL: http://www.un.org. Загл. с экрана (дата обращения: 04.02.2019).
2. Диалог и толерантность в XXI веке. В поисках бессмертия рода человеческого и мира религий без войны: тюркоязычный мир о возможностях диалога между христианским Западом и мусульманским Востоком / авт.-сост.: Д.А. Брусиловский, Ж.А. Борочоров и др. Бишкек: Нео Принт, 2015. 1664 с.
3. *Брусиловский Д.А.* Диалог культур и толерантность в условиях глобализации / Д.А. Брусиловский // Изв. вузов Кыргызстана. 2015. № 4. С. 129–133.
4. Методология адаптации мусульман-мигрантов к европейской культуре / К.А. Ажыбекова, Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Евразийский юридический журнал. 2017. № 7 (110). С. 351–355.
5. *Брусиловский Д.А.* Возможности ислама в контексте внутрирелигиозного, межрелигиозного и межкультурного диалога в современную эпоху / Д.А. Брусиловский // Общество: философия, история, культура. 2016. № 10. С. 16–22.
6. Коррелятивная взаимосвязь культуры и цивилизации (методологические аспекты / К.А. Ажыбекова, О.А. Тогусаков, Д.А. Брусиловский // Общество: философия, история, культура. 2017. № 3. С. 9–16.
7. *Брусиловский Д.А.* Методологические проблемы сравнительного анализа цивилизаций / Д.А. Брусиловский // Общество: философия, история, культура. 2017. № 4. С. 39–43.
8. *Брусиловский Д.А.* Философия Чингиза Айтматова как новая сущность межкультурного и межрелигиозного диалога в единоцельной социально-планетарной системе / Д.А. Брусиловский // Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение. Вопр. теории и практики. 2016. № 11 (73). С. 51–59.
9. Соотношение различных уровней организации взаимоадаптации цивилизаций в стратегии их выживания / К.А. Ажыбекова, О.А. Тогусаков, Д.А. Брусиловский, Н.С. Акматова, А.Н. Смутко // Социально-политические науки. 2019. № 1. С. 141–145.
10. *Брусиловский Д.А.* Специфика социальной обусловленности адаптации человека в условиях развития новых технологий / Д.А. Брусиловский // Вестник КРСУ. 2018. Т. 18. № 1. С. 123–127.
11. *Брусиловский Д.А.* Специфика воздействия «мягкой силы» России, Китая и США на Центральную Азию в условиях глобализации / Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Вопр. политологии. 2019. Т. 9. № 8 (48). С. 1779–1798.
12. Диалог культур и взаимоадаптация цивилизаций в условиях мегасоциальной интеграции / К.А. Ажыбекова, О.А. Тогусаков, Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов, Д.Ф. Клименок // Вестник КРСУ. Т. 18. № 1. С. 128–135.
13. *Брусиловский Д.А.* Два мира – две интеграции: специфика соприкосновения цивилизаций с исламофобией / Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Вопр. политологии. 2019. Т. 9. № 6 (46). С. 1282–1294.
14. Межкультурные коммуникации в развитии современного мира / М.П. Бузский, Д.А. Брусиловский, Я.В. Мещерякова, О.В. Ангел // Инновационный потенциал молодежи: глобализация, политика, интеграция: сб. науч. ст. Междунар. науч.-исслед. конф. Екатеринбург, 2016. С. 3–15.
15. *Брусиловский Д.А.* Стратегия мира: глобальная интеграция между исламофобией и «столкновением цивилизаций» / Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Вопр. национальных и федеративных отношений. 2019. Т. 9. № 6 (51). С. 889–900.
16. *Brusilovskiy D.* Two Worlds – Two Integration: the Specificity of the Contact of Civilizations, Islamophobia / D. Brusilovskiy, I. Esipov // Political Science Issues. 2019. Vol. 9, № 3. P. 261–271.